DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

## ***ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ***

## ***ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ***

## ***PHILOSOPHICAL SCIENCES***

***Брусиловский Д.А.***

# МАДАНИЯТ АРАЛЫК ДИАЛОГ ЖАНА ЫҢГАЙЛАНЫШУУ КОНТЕКСТИНДЕ ЧЫГЫШ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

***Брусиловский Д.А.***

# ВОЗМОЖНОСТИ ВОСТОЧНОЙ ЦИВИЛИЗАЦИИ В КОНТЕКСТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОГО ДИАЛОГА И АДАПТАЦИИ

***D.A. Brusilovskii***

# OPPORTUNITIES OF EASTERN CIVILIZATION IN THE CONTEXT OF INTERCULTURAL DIALOGUE AND ADAPTATION

*УДК: [316.722: 316.42: 327] (043.3)*

*Изилдөөнүн объектиси: маданияттардын ыңгайланышуусу жана цивилизациялардын диалогу. Изилдөөнүн предмети – ааламдашуу шартындагы маданияттардын ыңгайланышуусунун жана цивилизациялардын диалогун ишке ашыруунун жолдору, механизмдери, мүмкүнчүлүктөрү, өзгөчөлүктөрү, сапаты, айкындуулугу, баалуулугу, маңызы. Иштин максаты: ааламдашуу шартындагы маданияттардын ыңгайланышуусуна жана цивилизациялардын диалогуна социалдык-философиялык анализ жүргүзүү саналат. Изилдөөнүн ыкмалары: цивилизациялык анализ, синтез, илимий абстракциялоо, жалпылоо, индукция жана дедукция, тарыхый-салыштырмалуулук, формалдаштыруу, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү ыкмасы, аналогия, эксперттик, диалектикалык жана системалык; философиялык жалпылоо ыкмасы жана дисциплиналар аралык мамиле. Типологиялык ыкма негизги болуп саналат, эгерде айрым гана компоненттерди салыштырбай жалпысынан цивилизациялардын сисемалык биримдиги каралса. Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар жана илимий жаңылыгы: - маданияттар, диндер аралык ыңгайланышуу жана диалог чөйрөсүндөгү Чыгыш цивилизациясынын спецификасы аныкталды; - Чыгыш цивилизациясындагы маданияттар аралык ыңгайланышуунун жана диалогдун жаңы деңгээли катары Курманжан датканын ишмердүүлүгүнүн жана Ж.Баласагындын илимий изденүүлөрүнүн маанилүүлүктөрү чагылдырылды; - социумдагы Чыгыш цивилизациясынын маданияттар жана диндер ортосундагы диалогдун жаңы маңызы катары Чыңгыз Айтматовдун философиясы изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *цивилизациялар диалогу, өз ара ыңгайланышуу, маданий кызматташуу, диний аралык кызматташуу, маданият, маданият философиясы, Батыш цивилизациясы, Чыгыш цивилизациясы, түрк тилдүү дүйнө, аң-сезим, жаштар, мигранттар, социум, эл аралык укук, механизм, өзгөчөлүк, толеранттуулук, ааламдашуу.*

*Объект исследования: диалог цивилизаций и взаимоадаптация культур. Предмет исследования – сущность, ценность, истинность, качество, особенности, возможности, механизмы, пути реализации диалога цивилизаций и взаимоадаптации культур в условиях глобализации. Цель исследования: провести социально-философский анализ диалога цивилизаций и взаимоадаптации культур в условиях глобализации. Методы исследования: цивилизационный анализ, синтез, научное абстрагирование, обобщение, индукция и дедукция, сравнительно-исторический, формализация, метод восхождения от абстрактного к конкретному, аналогия, экспертный, диалектический и системный; метод философского обоснования и междисциплинарный подход. Типологический подход представляется обоснованным, если сопоставлять не отдельные компоненты, а системное единство цивилизаций в целом. Полученные результаты и новизна: - выявлена специфика Восточной цивилизации в сферах межкультурного и межрелигиозного диалога и адаптации; - отражена значимость научных изысканий Юсуфа Баласагунского и деятельности Курманджан датки как качественно нового уровня возможностей межкультурной адаптации и диалога Восточной цивилизации; - исследована философия Чингиза Айтматова как новая сущность межкультурного и межрелигиозного диалога*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Восточной цивилизации в социуме.*

***Ключевые слова:*** *диалог цивилизаций, взаимоадаптация, межкультурное сотрудничество, межрелигиозное сотрудничество, культура, философия культуры, Западная цивилизации, Восточная цивилизация, тюркоязычный мир, сознание, молодежь, мигранты, социум, международное право, механизм, специфика, толерантность, глобализация.*

*Object of study: dialogue of civilizations and mutual adaptation of cultures. Subject of study: essence, value, truth, quality, features, capabilities, mechanisms, ways of implementationof dialogue of civilizations and the mutual adaptation of cultures in the context of globalization. Goal of study: to conduct a socio-philosophical analysis of the dialogue of civilizations and mutual adaptation of cultures in the context of globalization. Methods of research: civilizational analysis, synthesis, scientific abstraction, generalization, induction and deduction, comparative historical method, formalization, abstract to concretemethod, analogy, expert, dialectical and systemicmethod; philosophical method and interdisciplinary approach. Typological approach seems reasonable if you match non-individual components but systemic unity of civilizations as a whole. The results and novelty: - revealed the specifics of Eastern civilization in the areas of intercultural and interreligious dialogue and adaptation; - reflected the importance of Yusuf Balasagunsky's scientific research and Kurmanjan Datka'sactivities as qualitatively new level of possibilities of intercultural adaptation and dialogue of Eastern civilization; - explored the Chingiz Aitmatov's philosophy as a new essence of intercultural and interreligious dialogue of Eastern civilization in society.*

***Key words:*** *dialogue of civilizations, mutual adaptation, intercultural cooperation, interreligious cooperation, culture, philosophy of culture, Western civilization, Eastern civilization, Turkic world, consciousness, youth, migrants, society, international law, mechanism, specifics, tolerance, globalization.*

Чыгыш цивилизациясына өнүгүүнүн эволюциялык системасы таандык, анда коомдун руханий негизинин туруктуулугу, бекемдиги салыштырмалуу сакталып турат. Башкача айтканда, базалык социомаданий системалар мурунку түзүлүштөрдү жана байланыштарды бузбай туруп, жаңы түзүлүштөргө ыңгайланышууда негизги ролду ойношот. Мындай руханий структурада салттар туруктуу, эмгек жана менеджмент чөйрөсүндө өзгөчө маани салттык (үй бүлөлүк, кландык) баалуулуктарга берилет. Чыгыш цивилизациясы үчүн социомаданий иденттүүлүктүн бекемделиши мүнөздүү, ааламдашуу шартында коомдун өнүгүүсүнүн ийгилигинин кепилдиги болгон өздүк маданияттын өз алдынчалуулугун сактоо, коргоо негизги милдет. Улуттук-этникалык факторго жана аң-сезимге зор роль берилет, көптөгөн мамлекеттер полиэтникалык болуп саналат. Полиэтникалык жана поликонфессиялык шарттагы коомдо Чыгыш цивилизациясында мамлекеттер, диндердин «классикалык» (дүйнөлүк диндер) жана «классикалык эмес» (шаманизм, теңирчилик ж.б.) формаларынын өкүлдөрүнүн ортосундагы диалог фактору абдан керек. Чындап эле сабырдуулукту көрсөтүп жарандарды өздөрүнүн мисалында толеранттуулукка жана тынчтыкты сактоого үйрөтүү керек. Буга мисал катары Сочиде өткөн олимпиадалык оюндарда россиялык спортсмендердин ийгиликтүү катышышы үчүн ар кандай дин өкүлдөрүнүн бирдиктүү иш-чараларын айтууга болот. Биринчиден, XXII Олимпиадалык жана XI Параолимпиадалык кышкы оюндарды Сочи шаарында өткөрүүдө иудаизм, индуизм, буддизм христиан, ислам өкүлдөрү үчүн конфессионалдык борборлор жана сыйына турган бөлмөлөр иштеген. Экинчиден, Параолимпиадалык оюндардын Улан-удэдеги эстафетасынын оту Сочи шаарында Бурятиянын борбор шаарынан анча алыс эмес «Хамтын Хуреде» күйгүзүлгөн. «Ламалар» бата беришкенден кийин оттун бир бөлүгү шаардын Темир жол районундагы башкы аянтка алынып кетилген. Будда монахтары бата берген от учкунун Слава башкы аянтына булат улуттук кийимин кийген үч атчан баатыр жеткиришкен. Үчүнчүдөн, Россиялык олимпиадагыларды буряттык, нанайлык, татарсибирдик. Тувалык, хакасиялык, чукоткалык, эвенкийлик, эвендик, якуттук шамандар колдоп турушту. Биздин өлкөдөгү өткөн Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюну түрк тилдүү дүйнөдөгү маданият жана диндер аралык диалог жолуна жасалган дагы бир кадам болуп калды.

Чыгыштын спецификалык маданий-цивилизациялык түзүлүшүндө башкы орундардын бирин үйбүлөлүк очок (от) ырым-жырымы ээлет. Бул үрп-адат бир эле учурда төмөндөгүдөй диний ситемалардын таасири астында калыптанган. Маселен, Индияда индуизмдин, Кытайда конфуцийчиликтин жана даосизмдин, Японияда синтоизмдин, Алтай цивилизациясында теңирчиликтин таасири астында пайда болгон. Мына ушул өзгөчөлүктөрдө батыш жана чыгыш цивилизацияларынын моделдеринин жана маданий парадигмаларынын принципиалдуу айырмачылыктары камтылган, ал геосаясаттагы мамлекеттик түзүлүштөрдүн позицияланышына дээрлик таасир эте алышат. Коллективзм жана индивидуализм коомдук түзүлүштүн диаметролдык, эки башка, карам-каршы ыкмалары болуп саналат. Алар таза формасында өтө көп эмес коомчулуктарда гана байкалат. Башка коомдор таза коллективдик же индивидуалисттик боло алышпайт, алар болгону ошолордун бирөөнө гана кө-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бүрөөк ыкташы мүмкүн (философ А.А. Ивиндин теориясы). Глобалдык дүйнөдө коллективисттик өлкөлөрдүн катарына Түндүк Корея, Куба, «улуттук социализмди» курууга аракет кылган бир катар араб өлкөлөрү кирет; ачык индивидуалисттик түзүлүшкө Батыш Европанын жана Түндүк американын либералдык-демократиялык коомчулуктарын кошууга болот. Жакынкы Чыгыштын коллективисттик системасынын жалпы мүнөзү каршы турат. Коллективизмдин ар кандай түрлөрү алдыга коюлган бирдиктүү максаттын табиятын ар кандай аныкташат. Бирок, алар либерализм жана индивидуализм менен биригише албайт, себеби индивидуализмге ылайык коомдогу баардык ресурстар акырында индивиддин жеке кызыкчылыгына жана анын эркине баш ийиши абзел.

**Маданият жана диндер аралык диалогдун жана ыңгайланышуу чөйрөсүндөгү Чыгыш цивилизациясынын спецификасы.** Чыгыштын маданиятынын мүнөздүү белгилерин батыш маданиятынан төмөндөгүдөй айырмалоого болот: Чыгыш маданияты өзүнө төмөндөгүдөй элементтерди камтыйт: адам-Ааламдын курамдык бөлүгү; жамааттык эмгектин өкүлү; унчукпоо; өз ара кызматташуу; жамааттык аң-сезим «биз» - «топтук өлчөмдөгү адам»; мамлекетке баардыгы тиешелүү - дене, жан ж.б. анткени, мамлекет Кудайдагы, табияттуулук; жаратылышка ыңгайлашуу; адамдын жаратылыштан бөлүнбөстүгү коомго да таасир этет; моралдык жоопкерчилик; үрп-адаттардын салттардын үстөмдүгү, бийлик мыйзамдан жогору, бийлик негиздөөнү талап кылбайт, харизмага таянат; иерархия, улууну урматтоо, салттарды сыйлоо; адамдын абалы анын социалдык макамынан жана келип чыгуусунан көз каранды; жашоодогу учурларда интуициянын жогорулугу; ачык мүнөздөгү күрөш байкалбайт, анткени бул дүйнөдөгү ар кандай өзүнүн орду, тагдыры бар; адам менен дүйнөнүн ортосундагы гармониялуулук идеясы; лидер тубасалык катары кабыл алынуусу; системалардын ичкериге багытталуусу, анын «борборго тартылуу аракети» мүнөзү, жамааттык-кландык-топтук ориентациялар; саясат чөйрөсү коомдук жана жеке мамилелерден так бөлүнбөгөндүгү; циклдык убакыт, чыдамкайлык, өзгөрүлбөө, кайталануучулук, түбөлүктүүлүк; чыгыш коомчулуктары ааламдашуу жолундагы дүйнөнүн курамдык бөлүгү катары өнүгүүнүн постиндустриалдык этабына кирүүдө өздөрүнүн башкаруучулук салттарын жаңы шарттарга ыңгайлаштыруу жөндөмдүүлүктөрү.

Чыгыш цивилизациясынын баалуулук принциптеринин ичинен биринчи планга үй-бүлө байланышынын ролун, жоопкерчиликти сезе билүү, аяр, этият мамиле жасоону, ишмердүүлүктөгү этияттыкты, өз маданиятынын үлгүлөрүнө багыт алууну чыгарууга болот. Чыгыш цивилизациясында инсандын автономдуулугу начар, эски менен жаңы тең салмактын болуулары тийиш, фабализм жана адамдар ортосундагы коммунитардык, жамааттык, коммуналдык, аскриптивдик мамилелер кеңири таралган.

Чыгыш цивилизациясынын спецификасы көбүн эсе дин жана философиялык-диний системаларды түшүнүүдө ачык көрүнөт: теңирчилик, буддизм, ислам, конфуцийчилик – ички диний контексте, дин аралык жана маданият аралык диалогдо байкалат.

Исламдын, ислам экстремизминин жана терроризминин актуалдашуусунун негизинде автор исламдын башка диндерге болгон мамилеси жана анын ичиндеги чыр-чатактарды чагылдырган. Бүгүнкү дүйнөдө эл аралык аренада мусулман өлкөлөрүнүн ролу жогорулап баруууда жана исламды саясий, туристтик чөйрөлөрдө түшүнүүнүн көптөгөн формалары күчөп бара жаткандыгын моюнга алуу менен: мусулман өлкөлөрүн Россия, Европа жана АКШ менен жакындашууга эмне түрткү болууда деген суроого жооп издейт.

Эгерде модификацияланган панисламизм идеясын иш жүзүнө ашыруу жолунда мусулман өлкөлөрүнүн тышкы саясатында «исламдык тилектештик» концепциясын эң башкы принцип деп караган күндө да баары бир исламдын бүгүнкү идеологиясына баа берүү мүмкүн эмес. Биринчиден, кайра жаратуу концепциясынын айрым жоболору мусулман өлкөлөрүндөгү экономикалык жана социо-маданий карама-каршылыктарга болгон спецификалык жообу болуп саналат. Экинчиден, бул концепция мусулмандар тарабынан маданий өнүгүүнүн модели катары кабыл алынуусун эстен чыгарбоо зарыл. Үчүнчүдөн, өткөндү идеалдаштыруу жана пргоресске байыркынын идеалдарын жаңылоо аркылуу келүү тенденциясы ар кандай тарыхый доорлордогу баардык элдерге мүнөздүү. Ошондой эле бул тенденция көнүмүшкө, адатка айланган түзүлүштөр аркылуу жаңы идеалдарга кошулууга оңой шарт түзүлгөн коомдук аң-сезимдин өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт.

Эң ири эл аралык, өкмөттөр аралык уюмдардын бири – Ислам кызматташтык уюму, курамы 57 өлкөдөн турган бирикменин өкүлдөрүн экономикалык, саясий, социалдык-маданий чөйрөлөрдө сыйлоо максатын кокусунан койбосо керек. Диний критерийдин негизинде түзүлгөн ИКУ (баштапкы аталышы – Ислам конференциясынын уюму) баардык жүргүзгөн иштерине карабай диний уюм деп аталбайт. Маңызы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



боюнча бул уюм учур проблемаларын чечүүдө көп тармактуу мамиле кылууну жактайт, себеби бул көйгөйлөрдүн чечилишинен эл аралык мамилелердин келечеги көз каранды. Бул уюмдагы көптөгөн мусулмандар дин, маданият аралык, ички диний диалогдордон, башкалар менен чогуу жашоосунан баш тартпаш керектигин моюнга алышат; өз динин туура түшүнүү анын дүйнөдөгү ордун туура аныктоо. Башкалар менен чогуу жашоо бул нерселер динге, маданиятка, цивилизацияга көз каранды болбош керек. Эмне үчүн ушундай позиция болгондугун түшүндүрүп беребиз. Биринчиден, мамилелердин мындай түрү афро-азиаттык өлкөлөрдүн дүйнөдөгү башка мамлекеттер менен болгон диалогго активдүү катышууларына мүмкүндүк берет. Экинчиден, араб өлкөлөрүнүн өздөрүндө пайда болгон диний чыр-чатактарды гана эмес, башка мамлекеттердеги дүйнөлүк жана улуттук диндердин негизинде келип чыккан кризистерди да алдын-ала жөнгө салуудагы уникалдуу мүмкүнчүлүк болуп саналат. Үчүнчүдөн, мусулман дүйнөсүнүн ачыктыгы ислам кызматташтыгы уюмунун саясий, экономикалык, гуманитардык жана маданий өнүттөн жана Ислам Уюмунун билим берүү жана маданият маселелери боюнча Россия менен алака түзүүгө оң маанайдагы фонду жаралат. Бул өтө керек, анткени Россия евразиялык мамлекет катары мусулман дүйнөсүнүн баардык көйгөйлөрүн түшүнүүгө жөндөмдүү, о.э. Батыш менен Чыгыштын, Азия менен Европанын ортосунда маданий-саясий көпүрө болуп бере алат. Россиянын Чыгышка жана Батышка болгон кызматташтыгы бул өлкөнүн евразиялык мүнөзүнө гана эмес, анын тарыхый калыптанган менталитетине жана диний-этникалык курамына да жооп берет. Эгерде Россиянын араб-мусулман өлкөлөрүнө жана борбордук-азия регионуна болгон географиялык жакындыкты эске албаган учурда да, Россия бул мамлекеттерге болгон жылуу мамилесин далилдештин кажети жок, анткени – ислам Россиянын тарыхынын жана маданиятынын ажырагыс бөлүгү. Бул дүйнөлүк динди тарыхый ретроспективде карап, Россиянын динге болгон туруктуу, толеранттуу мамилесин айтпай коюуга болбойт. Анткени, ал дин бул өлкөгө өз таасирин тийгизип жатат (ИКУ). Екатерина II бийликке келгенден кийин мамлекеттин диний ишенимдери боюнча сегиз Указ чыгаргандыгы жөнүндө сөз болуп жатат. Екатерина II диний чыдамкайлуулукту сунуштаган, себеби, ал чыдамкайлык ар кандай мамлекеттеги ыйкы-тыйкы мамилелерди, саясий, диний тирешүүлөрдү жок кылат деп айткан. 1766-жылы Екатерина II Волгага саякат жасап, татарлардын делегациясын Казанда кабыл алган. Алардын өтүнүчүн кунт коюп угуп, Петербургга келгенде Казанга таштан мечит курууну буюрган. Бул Марджани мечити 1767-1770-жылдары курулуп, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген. Ал мечит Казан Муктасиби, татарларда дин илиминин башталышын түптөгөн, фундаменталдык эмгектердин автору – Шигабуддин Марджанинин атынан коюлган. Екатерина II бийлиги учурунда Татар жайгашкан Яицкого шаарчасына 1768-жылы (азыркы Казахстандагы – Уральск шаары) эки минареттүү мечит курдурган. Көп өтпөй эле Астраханда, Оренбургда, Пензада жашаган татарлар мечит курууга уруксаат алышкан. Баардык аймактарда мусулман жамааттары кайрадан калыптана баштаган. Карапайым мусулман-бухаралары Улуу Екатерина деп аташкан, татарча «эббипашта» - «Чоң эне ханыша». ИКУ мүчөлөрүнө кирген татарлар Казахстан аркылуу бүгүнкү кыргызстандын Чүй өрөөнүнө, Ысык-Көлгө о.э. Өзбекстан аркылуу Кыргыз Республикасынын түштүк региондоруна отурукташа баштагандыгын айтып коюу абзел. Алгач булар татар соодагерлери алардын ишенимдүү адамдары, о.э. метеп-медреселеринин окутуучулары жана молдолор болушкан. Ал гана эмес кыргыздарга молдолорду жөнөтүү боюнча падышанын указы да чыккан. Ошондуктан, Караколдогу биринчи Шакир молдону «указдык молдо» деп аташкан, анткени ал Екатерина II кезектеги указы менен келген. Кырмдан Россия империясына кошулуусу боюнча 1783-жылы 8-апрелде Екатерина II кезектеги монифест менен таврид мусулмандарына дин эркиндигин убада кылган. Мусулмандардын диний автономиясын таануу мусулман жамааттарынын социалдык, экономикалык жана руханий элитасынын империянын мамлекеттик түзү-лүш системасында интеграциялануу контекстинде ишке ашкан. 1787-жылы Россия империясынын борбору Санкт-Петербургда Екатерина II указына ылайык араб тилиндеги Куран жарык көрүп, ал түрк тилдүү элдерге бекер таратылып берилген. Ханыша, Орус Православдык Чиркөөсүнүн жогорку органы Ыйык Синодду бардык башка диний саясаттарга жумшак мамиле кылууну, баардык диний ырым-жырымдардын эркин аткарылышын жарыя кылган токтомду кабыл алууга мажбурлаган. Натыйжада, мусулмандар укуктук жактан православдык христиандар менен тең абалга жетишишкен.

Ислам тарыхына кайрылууда ИКУ менен Россиянын кызматташуулары жөнүндөгү сөзүбүздү улайбыз. Булар чындыгында эле глобалдуу коппсуздук контекстинде эл аралык мамилелердин туруктуулугу үчүн зор мааниге ээ. Бул принципиалдуу зарыл,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

өзгөчө мусулман өлкөлөрүндө кылымдар бою калыптанып келе жаткан мусулмандар гана эмес, башка диний ишенимдердин конфессияларынын өкүлдөрүнүн ортосунда диний кризис, жарандык согуш боло турган болсо. Маселен, Сириядагы христиандар кечээ жакында эле жарандык согуштун, экстремисттик башаламандыктын, чектен чыккан террордук иш-аракеттердин курмандыгы болушту. Бүгүнкү Сириянын, Египеттин, Иорданиянын, Ливиянын, Ирактын жана Жакынкы Чыгыштын башка өлкөлөрүнүн территориясында христиан дини таркай баштагандыгын эстен чыгарбоо керек. Ушул себептен 2016-жылы Куба Декларациясын, Патриарх Кириллдин, Рим епископунун, Франциска Католик Чиркөөсүнүн Атасынын декларацияларын айтууга болот. Бул декларацияларды дин лидерлери эл аралык коомчулуктарды Жакынкы Чыгыштын аймагынан (Сирия, Ирак ж.б.) христиандардын куугунтукка учурашын токтотуу үчүн биргелешип иш алып барууга чакырган. Бул бүгүнкү тарыхтагы эң урунттуу мезгил, анткени Сирия христиандарынын геноцидке учурашы – бүтүндөй хритсиан дүйнөсүнүн туруктуулугу үчүн коркунуч болуп саналат. Ливандагы, Ирандагы, Иорданиядагы сириялык диаспоралар Сириядагы антитеррордук операция үчүн Россияга ыраазычылык билдиришти. Мындан сырткары Рио-де-Жанейродо (Бразилия) Сириялык спортсмен Азад Аль-Бариди анын өлкөсүндөгү жапа тарткандарга көрсөткөн жардам үчүн Россия Федерациясына өзүнүн ыраазычылыгын билдирди. 2016-жылы август айында балдар үйүнүн директорунун орун басары Хадун Сукара россиялык аскерлерге ырахматын айтты, себеби ал балдар үйүндөгү тарбияланып жаткан балдардын үй-бүлөлөрү террористтер тарабынан Алеппо (Сирия) территориясы бутага алынып, курман болушкан. Орус аскерлдер – аларга гуманитардык жардамды өз убагында жеткирип турушкан.

Ислам дүйнөсү менен Европа жана АКШнын ортосундагы кызматташууларды талкуулоонун натыйжасында, бул кызматташтык дээрлик жаңы багытта адам укуктарынын жана эркиндиктеринин негизинде жүргүзүлгөн диалогго бурулушу керек. Ушуну менен бирге эле айта кетчү нерсе мусулман өлкөлөрү тарабынан ИКУнун адам укуктары боюнча түзүлгөн Көзкарандысыз туруктуу Комиссия ИКУ кирген өлкөлөрдүн ортосунда саясий-экономикалык жана социалдык-маданий укуктар жарандык консолидацияны жана диний ички жана цивилизациялар аралык диалогду камсыздоодо эң негизги ролду ойношу керек. 2011-жылдын 24-мартында ИКУ мүчө мусулман өлкөлөрүнүн биргелешкен ишмердигинин натыйжасында БУУнун адам укуктары боюнча Кеңешининин резолюциясын 16/18 АКШ жана Европанын кабыл алуусуна алып келди, ал резолюцияда терс маанайдагы стигматизациялык, стреотиптердин калыптанышына, жиктелүүгө, диний ишенимдин негизинде зордук-зомбулук көрсөтүүгө каршы күрөшүүнүн чаралары каралган. Бул резолюциянын биринчи сегиз пунктун ИКУ сунуштаган, дал ошол уюм өзү европалык жана мусулман өлкөлөрүнүн ортосундагы Мухаммад (с.а.в.) пайгамбарга карата тартылган 12 карикатуранын негизинде чыккан проблеманы жөнгө салууда ортомчулук кызматты аткарган. БУУнун адам укуктары боюнча Кеңешинин резолюциясы 16/18 Стамбул процессинин алкагында, о.э. париждик сатиралык журналдагы «Charlie Hebdo» Мухаммад (с.а.в.) пайгамбарга чыккан карикатура боюнча анын аброю жогорулап, бүгүнкү күндөгү эң актуалдуу документке айланды.

Конструктивдүү диалог өңүтүндөгү ИКУнун активдүү ишмердүүлүгүнө, «ислам биримдиги» концепциясынын ишке ашыруу процессине, көптөгөн оң маанайдагы иш-чаралардын өткөрүлүп жаткандыгына карабай, бир катар тоскоолдуктар себептер бар. Биринчиден, мусулман өлкөлөрүнүн ортосундагы лидерлик үчүн болгон атаандаштык. Экинчиден, исламдын негизги багыттары болгон – суннизм (min-81%) жана шиизм (max-19%) ортосундагы келишпестиктер. Бул эки багыт руханий бийликтин ырааттуулугу боюнча болгон маселеде келише алышпайт. Суннитнттер биринчи төрт халифтин (Абу Бакр, Умар, Усман жана Али) башкаруучулугун мыйзамдуу деп таанышып, имамды эл тарабынан шайланган руханий жана светтик башкаруучу деп билишет. Ошол эле учурда шииттер төртүнчү халиф Али ибн Абу Талибдин урпактарын пайгамбар Мухаммаддын (с.а.в.) мыйзамдуу мураскору деп эсептешет жана алар Жараткан тарабынан берилген сырдуу «куттун» ээси – алар бир имамдан экинчи имамга өткөрүлүп берилүүчү мусулман коомчулугун башкаруунун жогорку бийлигине ылайыктуу – имамат деп айтышат. Биздин оюбузча жогоруда айтылган шииттер менен суниттердин ортосундагы айырмачылык мусулман өлкөлөрдүн ортосундагы деструктивдүү диалогдун негизги учуру болуп саналат. Сауд Аравиясы – ислам дүйнөсүнүн суниттер бөлүгүнүн лидери, ал эми шииттердин лидери – Иран (шииттер -89%, сунниттер - 9%) исламдын эки багытындагы карама-каршылык күчөп барат. 2016-жылдын январь айында шиит даватчысы Нимр аль-Нимр жана анын жактоочулары Сауд Аравиясында өлтүрүлгөн; ушул себептүү Тегерандын жашоочулары саудиалык элчиликти талкалап кетишкен. Ажылык учурундагы зыяратчылардын коопсуздугун

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



камсыздоо боюнча конфликти жөнгө салууда Тегеран менен Эр-Рияддын ортосундагы сүйлөшүүлөр туңгуюкка такалды. Сөз 2016-ж. Сауд Аравиясы Иран менен дипломатиялык мамилелерди токтотуп салгандыгы, ал эми Тегеран ажылыкка байкот жарыялагандыгы жөнүндө болуп жатат. Анткени, Сауд Аравиясындагы ажылык учурундагы курман болгондордун көпчүлүгү (465 зыяратчы) ирандан эле; ушундай эле кырдаал 1988-ж. апрель айында орун алган. Ушунун баардыгы Иран менен Сауд Аравиянын ортосундагы мамилелердин жаңыдан курчушуна алып келген. Ирак менен Йемен жөнүндө да унутпоо керек, ал жерде шииттер менен суниттердин ортосундагы карама-каршылык көбүн эсе саясий ландшафты аныктайт. Үчүнчүдөн, бир нече мамлекеттер – дин территориясына тиешелүү чечилбеген улуттук маселелер («Пуштинстан» (Афганистан) (пуштундар 42%, тажиктер 27%, хазарлар 9%) – Пакистан (пуштундар 16%, пенджабдыктар 45%, синдхдер 14%), «Белуджистан» проблемалары – Ирандын территориясындагы (белудж-сунниттери жана перс-шииттери) жана Пакистандын (белудж-сунниттери жана хазар-шииттери), «Курдистан» (Турция (түрктөр 80%, курддар 17%), Ирак (арабдар 65%, курддар 23%), Сирия (арабдар 89%, курддар 6%); Араб-израил конфликтерин жөнгө салууда палестина ж.б. маселелери). Төртүнчүдөн, территорияга байланыштуу дооматтар (Йемен-Сауд Аравия, Ирак-Кувейт, Иран-Ирак, Индия-Пакистан, Иран-Бахрейн, Алжир-Марокко, Афганистан-Иран, Оман-Сауд Аравия, Иран-БАЭ ж.б.). Бешинчиден, билим берүүдөгү саясий укуктун, экономикалык жана социалдык-маданий өнүгүүдөгү айырмачылыктар. Алтынчыдан, мамлекеттик кызыкчылыктар менен диний коомчулуктардын ортосундагы карама-каршылыктар.

Жетинчиден, С. Хантингтондун «Цивилизациялар кагылыш» деген теориясында айрым батыш элиталары жана мамлекеттик лидерлер жаңы душманды табышты, ошонун жардамы менен аскердик, экономикалык, социалдык жана диний бийлик колдоо таап кеңейип жатат. Исламофобия жаңы дүйнөлүк түзүлүштүн жаралышынын зарыл куралына айланып бара жатат. Тезис исламофобияны тышкы саясий парадигмага которуп, батыш мамлекеттеринин саясатын ислам жана син цивилизацияларынын карам-каршы туруу жолуна бурат.

Биздин учурда тынчтыкты колдогон тараптар туруктуу дүйнөлүк түзүлүшкө чыгууга жаңы сапаттуу жолдорду издеп жатышат, бул максатта биз четте калган жокпуз. Ошондуктан, биздин оюбузча көп кырдуу ислам дүйнөсүндө Хаджылык сунниттер менен шииттер, курддар менен түрктөрдүн, белудж-сунниттери менен хазар шииттеринин, белудж-сунниттери менен перс-шииттеринин, египеттик министр менен иордандык ханзаданын ж.б. ортосунда конструктивдүү диалогго жетүү үчүн бекем жана ачык платформа боло алат. Ааламдашуу дүйнөсүндөгү өз ара мамилелер жана маданий алакалар жаатында туризм динамикалуу өнүгүп бара жаткан чөйрөгө айланууда. Бирок, туризмдин диалогдук көрөңгөсү толук кандуу ишке киргизиле элек. Ар бир мусулман-турист тынчтыктын потенциалдуу элчиси, социалдык адилеттүүлүктүн коргоочусу болушу мүмкүн, анткени сунушталып жаткан конструктивдүү толеранттуулук өз кезегинде эки тараптуу толеранттуулуктун, кызматташуунун, башкалардын маданиятын жана ишенимдерин сыйлоонун, көп кырдуулукта гармониянын пайда болушун шарттап, ошону менен бирге эле өз жолундагы маданий-диний тоскоолдуктарды жок кылат. Ушундай өңүттө туризм дээрлик гармониялуу жана коопсуз дүйнөнү жаратууга зор салымын кошушу мүмкүн.

Жалпысынан төмөндөгүдөй кыскача жыйынтык чыгарсак болот: 1) Батыш цивилизациясы Чыгыш цивилизациясынын конфликтерин, исламдын ичиндеги агымдардын карама-каршылыктарын өзүнүн геосаясий максаттарында колдонот; 2) дүйнөлүк түзүлүш иудейлик, христиандык же исламдык болушу мүмкүн эмес, анткени ал – эл аралык, дин аралык жана маданият аралык болуп саналат; 3) бир дүйнөнүн өз ара көз карандылыгы, көп жүздүүлүгү дүйнөлүк түзүлүштүн системасынын калыптанышынын объективдүү негизин түзөт.

Ошентип, биз ар би радам тилине, улутуна, динине, акчасына, бийлигине карабай, өзүнүн эң жакшы сапаттарын көрсөтүү мүмкүнчүлүк укугуна ээ боло алат деп ишенебиз. Мындай шарт – Европада, Россияда, Азияда, АКШда, Жакынкы Чыгышта жана баардык жерлерде болушу керек.

**Ж. Баласагындын илимий изденүүлөрү жана Курманжан датканын ишмердүүлүгү Чыгыш цивилизациясынын маданий өз ара ыңгайланышуусунун жана диалогунун мүмкүнчүлүктөрүнүн жаңы сапаттуу деңгээли катары.** Ж. Баласагындын максаты поэтиканын араб-перстик эрежеси боюнча түрк тилинде монументалдуу чыгарма жаратуу болгон. Ошол себептүү «Кутадгу билиг» поэмасы метраруза (квантитативдик ыр жазуу) ыкмасы менен жазылган. Ыр жазуу багытындагы ушул системаны өздөштүрүү боюнча Ж.Баласагын биринчилерден болгон. Ошондой болсо дагы, үндүүлөрдү созулушуна карата бөлүштүрүү түрк тилдерине мүнөздүү эмес.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Биздин көз караште Ж.Баласагындын негизги милдети түрк тилинин ролун жаңы сапаттуу деңгээлге көтөрүү болгон, бүгүнкү тил менен айтканда ошол мезгилдеги мусулман маданий, илим дүйнөсүндө лидерлик кылган перс жана араб тилдери болуучу. Мына ушуга байланыштуу түрк тилин диний, маданий кызматташуунун, ыңгайланышуунун деңгээлине көтөргүсү келген.

Орто кылым маданиятынын өкүлү Ж. Баласагын астрономиялык билимдер гана эмес, Евклид (Оклидиус), алгебранын ыкмалары жөнүндө да айткан. Бул нерсени төмөндөгү ыр саптары тастыктайт6

«Амалдардын көптүгүн алгебрадан үйрөн, Өжөрлүк менен Евклиддин дарбазасын каккыла» (Караханиддик түрк тилинен которгон С.И.Иванов).

Кеч эллиндик доордо ар кандай илимий теорияларды жаратууда үлгү катары Евклиддин геометриясы кызмат өтөгөндүгүн эске салуубуз абзел («Башталыш» эмгеги, үч китептен турат), анын эмгектеринде далилдөөнү талап кылбаган ырастоолорду көрүүгө болот – мурда далилденген аксиомалар жана Леммдер, алардан дедукция ыкмасы менен – жалпыдан жекеликке өтүү - бир катар теоремалар – логикалык далилдөөлөр. Маселен, Евклиддин геометриясынын үлгүсүнө ылайык системалуу жана ырааттуу философиялык окууну жаратуу аракети Б.Спинозанын философиясынан байкоого болот.

«Кутадгу билигдин» сюжети этикалык, философиялык-саясий жана диний темада сүйлөшүүнүн жөн гана шылтоосу.

«Чыгып келе жаткан Күн» деген каймана атка ээ Элик Күнтогды деген ажо адилеттүүлүктү, темирдей бекем мыйзамдуулуктун символу, анткени Күн дайыма туруктуу жана ишенимдүү. Биринчи вазир Айтолды дайыма өзгөрүлүп туруучу ийгилик менен түшүндүрүлөт, себеби ай толуп, жаңырып турат. Вазирдин уулу Огдилмиш – эстүү дайыма кантип башкаруу керек экендиги жөнүндө кеңеш берип турат.

Чынында эле мамлекеттин башкаруу, мыйзамдарды сактоо, жарандарга болгон мамилелердин маселелерин кеңири чагылдырган поэзия тилинде жазылган мындай чыгарма миң жыл мурда жокко эсе болгон. Аристотель, Сократ жана башкалар дагы коомдогу көйгөйлөрдү чагылдырган философиялык трактаттарды, эмгектерди жазышкан. Баласагындан мурда жашаган философ аль-Фараби «Үлгүлүү шаардын жашоочуларынын көз караштары жөнүндө трактат» деген эмгегин жараткан, бирок бул эмгекте ошол үлгүлүү шаардын жашоочуларынын бири-бирине болгон мамилелерин, бийликтин оң жана терс жактарын сүрөттөө менен гана чектелген.

Италиялык коомдук ишмер Н. Макиавелли 1513-ж. «Өкүмдар» аттуу китебин жазып, аны Флоренциянын башкаруучусу Лоренцио де Медичиге белекке берген. Бул китеп проза түрүндө жазылып, бирок, биздин ойчулдун эмгегинен 443 жыл кечирээк пайда болгон. Дүйнөлүк адабияттын шедеври деп таанылган Данте Алигьеринин «Ажайып кооз комедия» деген эмгеги, биздин жердешибиздин чыгармасынан 230 жыл кечирээк жарык көргөн. «Золотая пуговица Чынгызхана», «Наставления Хромого –Тимура» деген эмгектер да кийин гана пайда болушкан. Бул жагынан алып караганда да «Кутадгу Билиг» Кыргызстандык эле эмес, бүткүл дүйнөлүк адабияттын жогорку тепкичинен орун алганы талашсыз.

Ж. Баласагын аллегориялык каармандардын өз ара карым-катнаштарын ыр түрүндө жазган, анда муундардын саны бирдей рифмаланган эки саптарды колдонгон, алардын көлөмүн Фирдоусинин «Шах намесинен» алган болушу мүмкүн жана түрк тилинде биринчи жолу колдонгон. Бул багытта Баласагын новатор болуу менен түрк тилин болуп көрбөгөндөй бийик абалга жеткирген, анын мындай тилге кошкон зор салымын кийин англис тили үчүн – Чосле, италия тили үчүн – Данте, а немис тили үчүн – Лютер орундатышкан.

«Кутадгу билиг» поэмасы узурпатор Харун падышачылыгы маалында жазылган, ошондуктан бул эмгек караханиддердин маданиятын, социалдык-саясий жана саясий тарыхын изилдөөдө өзгөчө орунга ээ. Ж. Баласагын трактатта: «кудайга баардык мактоолор болсун (байыркы түрк маданиятына ылайык Ж.Баласагын «Аллах» түшүнүгүнүн ордуна «Асман» дегенди колдонгон б.а. исламдын контекстинде чыгарманын субъектиси катары Теңир пантеисттик аспектиде колдонулган – Д.Б.) кудуреттүү, баардык жан-жаныбарга ырыскы берген, кимдин улук, кимдин бактысыз болуусун адилеттүүлүк мыйзамы менен аныкталган» [1, 14-б.]. Бул поэманын биринчи баптарында негизинен исламдын жалпы жоболору каралып берилет.

Ушуга байланыштуу изилдөөчү Е.Э. Бертельс «Кутадгу билиг» поэмасынын метрин ахмад Югнакинин «Хибат ал - Хакаис» чыгармасынын метри менен салыштырып, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келген: чыгарманын экинчи бөлүгүндө метр бир нуска түшкөндүгү көрүнөт, себеби автор араб, перс тилдеринен көбүрөөк сөздөрдү колдоно баштаган.

Ж. Баласагындын поэмасында ислам жөнүндө кеңири түшүнүк берилген: бул бүткүл аалам, анын баардык жеринде Жараткандын мыйзамдары өкүм сүрөт. Трактатта мындай айтылган жери бар: «Дүйнө, асмандагыларга жарык берген – Ошентип Аллак өкүм

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чыгарган» [Ошол эле жерде. - 32-б.]. Жусуптун эмгегинде исламдын орду өзгөчө каралат – Кудайдын жазган тагдырына ишенүү. «Кутадгу билиг» поэмасында Ж. Баласагын Ачкөздүк караңгылыктан көбөйөт, бактылуулук жарыктан» [2, с. 89] - деп жазат. Ж. Баласагын орто кылымдагы түрк элдеринин өкүлү катары өз эмгектеринде маданий диалогдун, ыңгайланышуунун, моралдын, үй-бүлөнүн, мамлекеттин маселелерин чагылдырууга аракет кылган.

2016-ж. Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгына 25 жыл толду. Кыргызстандыктар жана бүтүндөй дүйнө жүзү ойчул Ж.Баласагындын 1000 жылдык маарекесин белиледи, ал кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө жана Кыргызстандын тарыхый жана маданий мурастарынын өнүгүшүнө зор салым кошкон.

Ж. Баласагындын мурастарын изилдөө Кыргызстандын материалдык жана руханий эстеликтерин эффективдүү колдонууга жана сактап калуу үчүн зор мүмкүнчүлүктөрдү берет. Алардын кээ бирлери – Бурана шаарчасы (Баласагын), Ак-Бешим (Суяб), Улуу жибек жолунда жайгашкан Кызыл дарыя (Невакет), булар 2014-ж. ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастар тизмесине киргизилген. Караханийлер доорундагы мурастарды изилдөө жана аларды популяризациялоо кыргызстан элинин руханий жана маданий өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, о.э. өлкөнүн туристик өнүгүүсүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

Көп улуттуу мамлекетте ар бир улут маданий жана диний аралык диалогго өздөрүнүн салымын кошот. Биздин өлкөнүн түштүк региону экстремизм коркунучунун пайда болушунун очогу катары каралат. Терроризм менен күрөшүүнүн ыкмаларынын бири балким кыргыз элине тарыхый эс тутумун кайтаруу болушу мүмкүн б.а. кыргыздардын өткөн мезгили туурасындагы акыйкат маалыматтарды кеңири таратуу. Ошондуктан биздин өлкөнүн негизги фигурасы жөнүндө эстей жүрүшүбүз зарыл.

Эгерде Ж.Баласагындын чыгармалары, анын илимий ачылыштыры Орто кылым доорунда чыгыш цивилизациясынын ичинде жана Батыш цивилизациясы менен болгон диалогдо чоң роль ойносо, XIX к. кыргыз урууларынын Россия империясы менен интеграцияланышында негизги ролду Курманжан датка ойногон. Кыргыздардын уруу башчыларынын жана Курманжан датканын кеменгерлиги, алдын ала билүүчүлүгү аз дегенде төмөндөгүдөй бир нече кырдаалдар менен далилденет. Бир жагынан, «ак падышанын» коргоосу астында кыргыздар өздөрүнүн улуттук иденттүүлүгүн сактап кала алышты, эгерде мындай болбогондо балким татаал көйгөйлөр жаралышы мүмкүн эле. Экинчи жагынан, кийинчерээк совет бийлиги келгенден кийин элдин тарыхында болуп көрбөгөндөй маданий, экономикалык өсүштөр болду. Эгерде кыргыздардын Россиянын курамына киришинин цивилизациялык натыйжаларын философиялык өңүттөн карай турган болсок, анда бул маселени эволюциялык өнүгүүнүн контекстинде анализдөө зарыл. Кыргыздардын Россиянын курамына кошулушунун алгачкы этаптары көчмөн цивилизациясынын жер иштетүүчүлүк, акырындан отурукташууга өтүү менен мүнөздөлөт. Маданияттардын өз ара карым-катнаш жана аралашуу процесси жүргөн. Кыргыздар акырындык менен Россиянын евразиялык маданиятына аралашып, Россия болсо кыргыздардын тарыхын, жашоо-тиричилигин тереңирээк изилдей баштаган. Цивилизациялык сапаттуу секирик, кыргыздардын кландуу-туушкандык принциптерин, этно-территориалдык принцибине, жашоо-тиричиликти уюштуруунун эмгектин коомдук бөлүнүшүнө өтүүсүн аябай кечеңдетти.

Эгерде XIX к. кыргыздар үчүн жер иштетүүлүк цивилизациясы менен, XX к. Кыргызстандын индустриалдык цивилизациясына өтүүсү менен байланыштуу болгон. Бир цивилизациядан экинчи цивилизацияга өтө тездик менен өтүү процесси кыргыздардын Россиянын курамында болгонуна байланыштуу. Россия менен болгон байланыштын кыргыздар үчүн эң жемиштүүсү кыргызстандын өзүнө мамлекет катары көз карандысыздыкка ээ болуусу.

Жалпысынан алганда кыргызстандык философияда жана историографияда Кыргызстандын Кокон хандыгынын тушундагы социалдык-экономикалык мамилелеринин, салыктык эзүүнүн натыйжасында 1873-1876-жж. көтөрүлүш анын натыйжасында Кокон хандыгынын Россияга кошулушунун жана кыргызстандын бардык аймактарынын Россия империясына бириктирилишинин, социалдык философиянын жана тарыхтын көптөгөн суроолору туура чагылдырылган. Бирок, алардын көпчүлүгүнө бир өзгөчөлүк мүнөздүү: кыргыздардын тышкы саясий байланыштарына, жер иштетүүчүлүккө адистештирилген өзбек-тажиктер менен мал чарбачылык менен жашаган кыргыз-казах достук чарбачылык мамилелерине Кокон хандыгынын чегинде өтө аз көңүл бурулган, айрым учурларда Кокон хандыгынын чек арасында жашаган Өзбекстан, Казахстан, Кыргызстандын кээ бир аймактарынын тарыхын абайылап бөлгөн учурлар кездешет. Ушунун негизинде Орто Азия жана Казахстан элдеринин тарыхынын жалпылыктарын кароодо көптөгөн маселелер келип чыгат.

Эми эң башкы датага көңүл буралы: 1875-ж.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Алай кыргыздары жана Курманжан датка Россия империясынын атуулдук макамына ээ болгон Курманжан датканын Фергана областынын губернаторлору М.Е.Ивановго жазган «сураныч» - каты 1875-ж. атайын мөөр басылып бекитилген. Мамлекеттин кызы Курманжан датка катта мындай деп жазат: «Биз, башта эч качан мындай мамлекетти көргөн эмеспиз. Кылымдар бою бир дагы мамлекет жетимдерге мынчалык жакшы мамиле кылган эмес. Баардык элдер менен өзүбүздүн бир туугандарыбыздай бул мамлекетте бирге жашайбыз. Эгерде кокусунан анын аброюн тааныбасак, мамлекетке чыккынчылык кылсак, анда бизге эч кичирилгис күнөө коюлат деп мен эсептейм…» [3, 94-95-бб.]. Курманжан датканын элге таасири жана анын Россия империясынын алдындагы сиңирген эмгеги туркестан администрациясы тарабынан жогорку деңгээлде бааланган. Курманжан датканын Андреев лентасында Алтын медаль менен жана 300 рубль өлчөмүндөгү жыл сайын түбөлүк алуучу пенсия менен сыйлангандыгын тастыктаган эки архивдик документ бар: биринчиси, Фергана областынын аскер губернаторуна 1893-ж.25-сентябрында жана 2-апрелинде жазылган №168 кат.; экинчиси, Курманжан датканын сыйлык баракчалары Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик архивинде сакталып турат.

Ошентип Курманжан датка Кокон хандыгынан болгон көз карандысыздыкты иш жүзүнө ашыруу менен кыргыздардын уруулар ичиндеги талаш-тартыштарды жөнгө салууда эбегейсиз салым кошкон. «Алай ханышасы» деген ардактуу ысымы – бай маданияттын, туризмдин, элчинин, мамлекеттик ишмердин синонимине айланган. Курманжан датка биринчилерден болуп орустар жана башка элдер менен достукту, толеранттуулукту кубаттаган.

**Чыңгыз Айтматовдун философиясы Чыгыш цивилизациясынын социумунда маданий жана диний аралык диалогдун жаңы маңызы катары.** Ч.Айтматов – биринчиден, кыргыз, советтик жазуучу. Бул жөнүндө өзү бир нече жолу айткан жана бүгүнкү күндө анын чыгармачылыгын изилдеген Р. Рахманалиев, В.Г. Левченко, Ж. Сааданбеков сыяктуу окумуштуулар да белгилешүүдө. Бирок, ал өзү, изилдөөчүлөрү анын чыгармачылыгынын башталышы кыргыз, советтик, түрк тилдүү б.а. дүйнөлүк маданиятынын универсализминин ортосундагы терең, көп кырдуу байланыштар менен шартталгандыгын айтышат. Ч. Айтматов планетардык масштабдагы инсан болгондугу, аны адамзат тарыхынын агымы татыктуу кабыл алгандыгы ачык көрсөтүлөт. Ал өзүнүн философиялык-адабий идеяларында, кылган иштеринде, өз жашоосунун үлгүсүндө биздин арабызда жашоосун улантып келет. Ушундай өңүттө диссертациянын автору Ч.Айтматовдун социалдык-философиялык көз карашын кароону сунуштайт, анткени анын көз карашын бүгүнкү күндөгү глобалдуу проблемалардын контекстинде цивилизациялар, маданий жана диний аралык диалогдун жаңы маңызы катары кароого болот. Ч. Айтматовдун философиясынын кең маанисинде коомду жана жаратылышты башкача өңүттө, мамлекетке, илимге, моралга, динге, руханий маданиятка, анын максаттарына, коомдук идеалдарга, генезиске жана өнүгүүгө, коомдун тагдырына, диндин перспективасына жана цивилизацияга, планетардык масштабдагы баалуулуктарга болгон мамилелерди изилдеген философиянын бөлүгүнө кошууга болот. Биринчиден, Ч. Айтматов планетардык масштабдагы инсан болуп саналат, экинчиден анын философиясы бүтүн, социалдык-планетардык систе-мада цивилизациялар жана маданий аралык диалогдун жаңы негизи болушу мүмкүн.

Ч. Айтматов биздин дүйнөдөгү цивилизациялар, маданий аралык диалогдун алга жылышы үчүн көп иштерди жасаган, б.а. Цивилизациялардын диалогунун жанган жылдызы болуп 1986, 1997, 2018-жж. өткөрүлгөн Ысык-Көл форумдарын айтууга болот.

Ч. Айтматов биздин дүйнөдөгү цивилизациялар, маданий аралык диалогдун алга жылышы үчүн көп иштерди жасаган, б.а. 1986-ж. Ч. Айтматовдун демилгеси боюнча Ысык-Көл форуму болуп өткөн. Планетанын келечегине тийиштүү маселелер боюнча формалдуу эмес кырдаалда ой пикир алмашуу үчүн дүйнөгө белгилүү гуманитардык чөйрөдөгү белгилүү ишмерлер чакырылган: актер, жазуучу Питер Устинов (Улуу Британия), Рим клубунун президенти А. Кинг жана жазуучу, Нобел сыйлыгынын лауреаты Клод Симон (Франция), сүрөтчү, скульптор Афэуорк Тэкле (Эфиопия), прозаик, драматург Артур Миллер жана романист, публицист Джеймс Болдуин (АКШ), журналист, жазуучу Лисандро Отеро (Куба), прозаик-реалист Яшир Кемаль (Турция), «Война и антивойна» (1993), «Революционное богатсво» (2006), китеп терминининин авторлору, футурологдор Элвин жана Хейди Тоффлер (АКШ), «Культура мира: новое начало» китебинин тең авторлору (1999) физик аугусто Форти (Италия) жана коомдук ишмер Федерико Майор (Испания), ал мезгилде БУУнун (ЮНЕСКО) өкүлү, ж.б. Ысык-Көл форуму 1987-ж. 1997-ж.чейин дүйнөнүн 5 өлкөсүндө (Швейцария, Испания, Мексика, АКШ, Франция) башка форматта өткөрүлдү. 1997-ж. Ысык-Көл форумуна илимдин жана маданияттын белгилүү инсандар катышкан, жазуучу Андрей Золотов жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



акын евгений Евтушенко (Россия), окумуштуулар Мартин Лис (Франция), композитор жана ырчы Полад Бюлболь оглы (Азербайджан), жазуучу Мухтар Шаханов (Казахстан), жазуучу Тулепберген Каинбергенов (Өзбекстан) ж.б. «XXI к. маданияттын глобалдык жана улуттук аспектилери» ушул форумдун негизги темасы болуп, анда Ч. Айтматов доклад менен чыгып сөз сүйлөгөн. 2013-ж. эл жазуучусу Ч.Айтматовдун 85 жылдыгына арналган Бишкекте жана Чопон Атада «Чынгыз Айтматов жана анын Ысык-Көл форуму: маданияттар диалогу жана цивилизациялардын жакындашы» деп аталган эл аралык форум болуп өткөн. Форумдун катышуучулары чыгармачыл адамдар, окумуштуулар, саясатчылар жана интеллектуалдык чөйрөнүн өкүлдөрү болушкан – дүйнөнүн 18 өлкөсүнөн 150дөй киши келген. Ч.Айтматовдун салтка айланган Ысык-Көл форуму 90-жылдары дагы улантылган. 2018-ж. Ысык-Көл форуму «Чынгыз Айтматов жана учурдун чакырыктары» деп аталып, дүйнөнүн 25 өлкөсүнөн 150 интеллектуалдык өкүлдөр катышышыкан – КМШ мамлекеттер аралык гуманитардык кызматташуу фондунун кеңешчиси Александр Гончарев, ЮНЕСКОнун кластер бюросунун директору Криста Пикат, ТЮРКСОЙдун ген.сек. Дюсеин Касеинов ж.б.

Ысык-Көл форуму - бул дүйнөлүк интеллигенциянын цивилизациялар, маданий аралык диалогунун жаңы деңгээли. 1996-жылы Ташкенттеги штаб-квартирасы менен «Борбордук Азия элдеринин маданияттарынын Ассамблеясы» Эл аралык Коомдук Кыймылы (ЭКК) түзүлгөн. Ч.Т. Айтматов анын түзүлүү мезгилиндеги президенти эле болуп шайланбастан, «Борбордук Азия элдеринин маданияттарынын Ассамблеясы» ЭККнын жаңы басылмасынын түзүүчүсү болуп калган. Чыңгыз Айтматовдун иш-аракеттеринин жардамы менен «Борбордук Азиянын маданияты» аттуу жалпы саясий эл аралык гезиттин биринчи номери орус, казак, өзбек жана таджик тилдеринде жарык көргөн. 1998-ж. академиктер Ч.Т. Айтматов жана В.М. Плоских биринчилерден болуп Пакт Рериха жана «Знамя Мира на вершинах Кыргызстана» акцияларын колдошкон. Сөз 1998-ж. 14-августа бир нече өлкөлөрдүн өкүлдөрү Хан-Теңири чокусуна (Тянь-Шань 6995м.) чыгышып, Знамя мира орнотушкандыгы жөнүндө болуп жатат. Бул акциянын негизги максаты Кыргызстандын бийиктигинен дүйнөнүн баардык элдерин улутуна, расасына, диний көз карашына карабай Маданияттын негизинде биригүүгө чакыруу. Ушул өңдүү акциялар ааламдашуу шартында адамзат тагдыры экономикалык, саясий системалардан эмес, фундаменталдык идеялардын негизинде диний, маданий, цивилизациялык диалогдорду жаңы деңгээлге көтөрүүгө болоорун жана ошондой дүйнөлүк биргелешкен иш-чаралардан да көз каранды экендигин далилдеп турат.

Цивилизациялык, диний, маданий диалогдун айтматовдук жаңы маңызынын төмөндөгүдөй элементтерин бөлүп кароого болот: а) планетардык деңгээлдеги көп кырдуу, ошол эле учурда бир бүтүндүүлүктү түзгөн адамзат жөнүндө ой жүгүртүү концепциясы; б) планетардык, жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ баалуулуктар (маселен, ар кандай күчтүү, сыпайы, ынтымактуу, руханий жактан бай болушу мүмкүн, эгерде ал башкаларды сыйласа); в) адамдын жашоосун баалай билүү жана келечектеги жаш муундар мээримдүүлүк мыйзамын орнотот деп үмүт кылуу; г) адабияттын идеологиялык, философиялык мазмуну, бүгүнкү күндөгү адамдын дүйнөгө болгон көз карашынын, ал гана эмес коомчулуктун жана бүтүндөй бир элдин аң-сезиминин калыптанышына, өзгөрүшүндөгү анын ролу чоң; д) адабият философиясы планетардык масштабдагы көйгөйлөрдү чечүүгө адамды шыктандыра алат: тынчтык жана согуш, диний жана этностор аралык, экологиялык жана укуктук, байлык менен бийлик, наркомания о.э. аракечтик, сабатсыздык жана жакырчылык; е) бири-бирин өз ара байыткан баардык элдер, диндер, маданияттар, алар биздин планетабыздан өздөрүнүн ордун таба алышаарын түшүнүү; ж)жаштардагы экстремизмге, диний терроризмге каршы адамдарда баардыгы бирдей деген сезимди тарбиялоо; з) айтматовдук дүйнө түзүлүштүн формуласы: «Жакшылык жерде жатпайт, аны кокусунан таап албайсын. Адам, адамдан жакшылыкка үйрөнөт» (Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинен цитата); маселен, эл аралык саясий аренада башка адамдан жакшылыктын элементтерин көрүүгө аракет жасоо; и) аморалдык саясаттан баш тартуу жана адилеттүү дүйнөдө жашоо зарылчылыгы: өзүбүздүн жашоо шартыбызды тынымсыз жакшы жагына өзгөртүү; й) диалогду жалпы мааниде түшүнүү: бири-бирине башкача көз караштa кароо – өткөн чактан эмес, келечектин көз карашы менен кароо; к) маданий, диний диалогдун өнүгүшүнө жигердүү салым кошкон адамдарга-окумуштууларга, сүрөтчүлөргө, акындарга, жазуучуларга, философторго болгон мамилени өзгөртүү, анткени алар тездик менен өнүгүп бара жаткан дүйнөдө адам жашоосуна жаңы форма, мазмун берүүгө жөндөмдүү (маселен, Ысык-Көл форуму маданий, цивилизациялык диалогдун жаңы деңгээли катары каралып, ар бир адамдын жоопкерчилигинен адамзаттын келечеги көз каранды экендиги белгиленген).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Тарыхый өнүгүүнүн ар кандай этаптарында Чыгыш цивилизациясы Батыш менен болгон жакындашууларында дайыма сапаты жагынан кадыресе айырмаланган мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп келген. Феодализм жана капиталисттик цивилизация доорунда бул процесс жай жүргөн, бирок, ыңгайланышуу ишенимдүү өнүккөн. Мындай оң маанайдагы өнүгүүгө Жусуп Баласагын, Курманжан датка сыяктуу аалымдар менен саясий ишмерлер түрткү болушкан. Цивилизациялардын аралашуусунда социалисттик цивилизация сапаттуу жаңы деңгээлге чыга алган. Ошол эле учурда капиталисттик цивилизация өз жашоосун сактап калуу максатында социалисттик түзүлүштөн жарандардын айрым социалдык кепилдиктерин кабыл алууга аргасыз болгон. Социалисттик цивилизация доорунда эки дүйнөлүк системанын тең салмактуулугун сактап калуу менен маданияттардын ыңгайлашуулары, аралашуулары жетишээрлик жогорку деңгээлге чыккан. Бул абал улуу жазуучу Ч.Т.Айтматовдун жашоосуна, ишмердүүлүгүнө жана философиялык дүйнө таанымына чоң таасир эткен. Натыйжада, XX-XXI к.к. социумдагы маданияттардын аралашуусунун, диалогунун жаңы маңызын шарттап, социалисттик жана капиталисттик цивилизациялардын ортосундагы диалогго айланды. Ч.Айтматов өзүнүн кайталангыс таланттуу саясий, дипломатиялык ишмердүүлүктөрүнүн жана көркөм чыгармалары аркылуу цивилизациялардын аралашуу процессин глобалдуу масштабка чейин кеңейте алды [4-25].

Цивилизациялардын диалогу жана маданий өз ара ыңгайлануу маселелерин жүргүзүүдөгү эң башкы окуялар бул Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн 2014, 2016, 2018-жж. I, II, III Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары жана 2017-ж. «Алтай цивилизациясы жана алтай тил түркүмүнө кирген бир тууган элдер» эл аралык форум, бул иш чарага дүйнөнүн 12 мамлекетинен 100 окумуштуу жана 20дан ашык элдердин өкүлдөрү катышты. Эгерде I Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында 19 өлкө катышса, II Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында дүйнөнүн 62 өлкөсү катышкан. Ш Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында дүйнөнүн 82 өлкөсү катышты. Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ардактуу коноктору актер Стивен Сигал, Турциянын президенти Реджеп Тайип Эрдоган, Казахстандын баштагы президенти Нурсултан Назарбаев. Татарстан президенти рустам Минниханов, Венгриянын премьер-министри Виктор Орбан, ханзада Эль-Фуджейр Мухаммед бин Хамад бин Мухаммед Аль-Шарки (БАЭ) ж.б. Бул иш-чара о.э. ырчы патрик Селестин (француздук топ «Ottawan», «А-Студио» тобунун баштагы солисти Полина Гриффис (Россия), «Город 312» тобунун ырчылары (Кыргызстан) жана «Аюми» тобу (Казахстан), ырчы Фарид Хасанов (Азербайджан), ырчы Клич Фунда (Турция), Евгений Золотарев жана Н.Лхасаранова (Якутиялык дуэт), бийчи жана шоумен Снэп Буги (АКШ) ж.б.

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар:

1. Акыркы он жылдыкта «монополярдык» дүйнөдө Чыгыш цивилизациясынын маданияттар аралык диалогго жана Батыш цивилизациясы менен ыңгайланышуу мүмкүнчүлүгү кескин төмөндөп кетти, мындай көрүнүш баардык чөйрөдөгү: экономикада, жүрүм-турумда, саясатта жана укукта либералдык идеологиянын оолакташуусунун алкагында болууда. Буга күбө катары Чыгыш менен Батыштын элдешкис карама-каршылыгын кароого болот, бул өз кезегинде батыш баалуулуктарынын негизинде цивилизациялардын аралашуусуна тоскоолдук жаратып – Ирак, Ливия, Сирия, Афганистан сыяктуу чыгыш мамлекеттеринин талкаланышына алып келди. Изилдөөнүн негизинде биз төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик, эл аралык уюмдар менен бирге алып баруучу ишмердүүлүктүн негизинде Чыгыш цивилизациясынын бириккен күчтөрү өндүрүштүк, социалдык, экономикалык, рыноктук, инженердик, транспорттук, маалыматтык, илимий, билим берүү, медициналык, маданий, туристтик инфраструктураны калыбына келтирүүгө жана Чыгыштагы талкаланган мамлекеттер үчүн Батыштан кун төлөтүүгө жетишүү.

2. Чыгыш цивилизациясынын тарыхында Борбордук Азиядагы социалисттик мамлекеттер, Ислам кызматташтык Уюму жана ЮНЕСКОнун чыгыш аналогу болуп саналган билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча Ислам Уюму өз мезгилинде эл аралык аренада, саясий жана туристтик тармактарды Чыгыш өлкөлөрүнүн ролунун күчөшүнө түрткү боло алышкан. Чыгыш цивилизациясынын ичинде дайыма эки багыттын күрөшү жүрүп келет: биринчиси, Батыш цивилизациясынын баалуулуктарынын үстүнөн исламдын жеңишке жетишүү максатында Европадагы жашаган мусулмандарды кандайдыр бир ички күч же «бешинчи колония» катары колдонуу үчүн батыш коомчулугу менен жакындашууну көздөйт; ал эми экинчиси, Европанын социомаданий мейкиндигинде исламдын ыңгайланышуусун жана Чыгышты батышташтыруу (вестернизация) процессинин жүрүшүн каалашпайт.

3. Изилдөө төмөндөгүдөй корутундуну чыгарууга алып келди, цивилизациялардын өз ара адаптацияланууусун жашоонун стратегиясы катары, ал эми цивилизациялардын өнүгүүсүн – баардык адамзаттык

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жана социалдык тирүү организмдердин белгилүү бир эволюциялык рамкада кармалып турушуна мүмкүнчүлүк берип, натыйжада прогрессти камсыз кылган тактикасы деп түшүнүү керек. Бүгүнкү батыш цивилизациясы исламофобияны тышкы саясий парадигмага которуу менен батыш мамлекеттеринин саясатын ислам жана синь цивилизацияларын карама-каршы коюу жолуна өтүүдө. Исламофобия жаңы дүйнөлүк түзүлүштүн жаралышынын зарыл инструментине айланууда. Бул көрүнүш «кансыз согуш» аяктагандан кийинки доордо батыш дүйнөсү менен америкалык коомчулукту зарыл учурларда бириктирүү ниетинде пайда болгон идеологиялык конструкция болуп саналат. Исламофобия – бул өтө тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөлүк системада батыштык жана америкалык өздүк аң-сезимдерди интеграциялоочу стратегия. Бир жагынан, исламофобия Советтер Союзу ыдырагандан кийинки доордо Европа жана АКШнын бийликтери менен саясий элиталарынын атаандашууларынын жемиши болуп саналат. Экинчиден, исламофобия – бул Европа менен АКШнын саясий элиталарынын Чыгыштын материалдык жана руханий маданияттарына каршы күрөшү. Башкалардын территорияларын, байлыктарын, бийлигин басып алуу жана Ирактын, Сириянын, Ливиянын байыркы чыгыш артефактарын жок кылуу – кийин келечекте кимге кайсы территория таандык экендигин далилдөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу максатындагы тарыхты «тазалоо» болуп саналат. Жеңилүүдөн өзүн сактап калуу үчүн – мурунку цивилизациялардын баардык маданий издерин жок кылуу керек. Эгерде башкаруучуда тарыхый эс тутумдун маданияты болбосо, анда анын легитимдүүлүгүнө, мыйзамдуулугуна эч ким ишенбейт.

4. Изилдөөлөр көрсөткөндөй Россия евразиялык мамлекет катары прогресстин, эл аралык укуктун, акыйкаттуулуктун жана Чыгыш өлкөлөрүнүн суверендүүлүктөрүнүн калыбына келүүсүнүн борборуна айланууда. Ал мусулман дүйнөсүнүн суроо-талаптарын жакшы билгендиктен, Чыгыш менен Батыштын жана Азия менен Европанын ортосунда маданий-саясий көпүрөөдө болууда. Россиянын Чыгыш жана Батыш менен болгон өнөктөштүгү бул өлкөнүн евразиялык мүнөзүнө гана эмес, анын тарыхый калыптанган менталитетине жана диний-этникалык курамына да жооп берет.

**Литература:**


1. Баласагуни Ю. Наука быть счастливым. Избранные главы / Ю. Баласагуни. - Бишкек: Раритет, 2005. - 196 с.
2. Баласагуни Ю. Поэма «Благодатное знание». - Бишкек: Кыргыз Жер, 2015. - 98 с.
3. Горная царица Курманджан и её время / под ред. А.Какеева, В. Плоских. - Бишкек: Илим, 2002. - 180 с.
4. Брусиловский Д.А. Диалог культур и толерантность в условиях глобализации // Известия вузов Кыргызстана. - 2015. - №4. - С. 129-133.
5. Ажыбекова К.А., Тогусаков О.А., Брусиловский, Д.А. Коррелятивная взаимосвязь культуры и цивилизации (методологические аспекты) // Общество: философия, история, культура. - 2017. - №3. - С. 9-16.
6. Брусиловский Д.А. Поиск научной истины в процессе диалога культур о противоположных ценностях (на материалах тюркоязычных народов) // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2015. - №4. - С. 168-172.
7. Бузский М.П., Брусиловский Д.А., Мещерякова Я.В., Ангел О.В. Межкультурные коммуникации в развитии современного мира // Инновационный потенциал молодежи: глобализация, политика, интеграция: сб. науч. ст. Междунар. науч.-исслед. конф. - Екатеринбург, 2016. - С. 3-15.
8. Брусиловский Д.А., Тогусаков О.А. Реализация межкультурных возможностей диалога Запада и Востока в политико-правовой сфере // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2016. - №12. - С. 206-214.
9. Ажыбекова К.А., Брусиловский Д.А., Есипов И.И. Методология адаптации мусульман-мигрантов к европейской культуре // Евразийский юридический журнал. - 2017. - №7(110). - С. 351-355.
10. Брусиловский Д.А. Возможности Западной цивилизации в процессе адаптации ближневосточных мигрантов к европейской культуре // Общество: философия, история, культура. - 2019. - №1 (57). - С. 21-26.
11. Тогусаков О.А. Понятие предвидения и его методологическое значение для научного познания: автореф. дис. … д-ра филос. наук: 09.00.08. - Алмата, 1992. - 37 с.
12. Брусиловский Д.А. Возможности ислама в контексте внутрирелигиозного, межрелигиозного и межкультурного диалога в современную эпоху // Общество: философия, история, культура. - 2016. - №10. - С. 16-22.
13. Тогусаков О.А., Коротенко В.А., Марченко Л.Ю. История мировых цивилизаций и становление идеи устойчивого развития: курс лекций. - Б.: Солтон, 2018. - 354 с.
14. Тогусаков О.А. Сближение культур как актуальный и необходимый тренд современности // Вестник Междунар. ун-та Кыргызстана. - 2018. - №1(34). - С. 46-48.
15. Диалог и толерантность в XXI веке. В поисках бессмертия рода человеческого и мира религий без войны: тюркоязычный мир о возможностях диалога между христианским Западом и мусульманским Востоком: моногр. / [авт.-сост. Д. А. Брусиловский, Ж.А. Борочоров, О.А. Тогусаков и др.]. - Бишкек: Нео Принт, 2015. - 1656 с.
16. Брусиловский Д.А. «Столкновение цивилизаций» и «Диалог между цивилизациями»: философско–религиоведческий анализ // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2015. - №4. - С. 160-164.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



17. Ажыбекова К.А. Естественное и социальное в адаптации человека // Естественное и искусственное в естественно-научном познании / под. ред. Т.А. Абдылдаева. - Бишкек, 1991. - С. 45-54.
18. Брусиловский Д. А. Историко-политическое значение деятельности Курманджан-датки в межкультурном диалоге (на материалах тюркоязычных народов) // Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2015. - №4. - С. 122-125.
19. Ажыбекова К.А., Тогусаков О.А., Брусиловский Д.А., Акматова Н.С., Смутко А.Н. Соотношение различных уровней организации взаимоадаптации цивилизаций в стратегии их выживания // Социально-политические науки. - 2019. - №1. - С. 141-145.
20. Брусиловский Д.А., Есипов И.И. Два мира - две интеграции: специфика соприкосновения цивилизаций с исламофобией // Вопросы политологии. - 2019. - Т. 9. - №6 (46). - С. 1282-1294.
21. Брусиловский Д.А., Есипов И.И. Стратегия мира: глобальная интеграция между исламофобией и «столкновением цивилизаций» // Вопросы национальных и федеративных отношений. - 2019. - Т. 9, №6 (51). - С. 889-900.
22. Ажыбекова К.А., Тогусаков О.А., Брусиловский Д.А., Клименок Д.Ф., Есипов И.И. Диалог культур и взаимоадаптация цивилизаций в условиях мегасоциальной интеграции // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. - 2018. - Т. 18, №1. - С. 128-135.
23. Брусиловский Д.А. Философия Чингиза Айтматова как новая сущность межкультурного и межрелигиозного диалога в едино-цельной социально-планетарной системе // Исторические, философские, политические и юридические науки, культурология и искусствоведение. Вопросы теории и практики. - 2016. - № 11(73). - С. 51-59.
24. Брусиловский Д.А., Есипов И.И. Специфика воздействия «мягкой силы» России, Китая и США на Центральную Азию в условиях глобализации // Вопросы политологии. - 2019. - Т. 9. - №8(48). - С. 1779-1798.
25. Brusilovskiy D. Two Worlds – Two Integration: the Specificity of the Contact of Civilizations, Islamophobia / D. Brusilovskiy, I. Esipov // Political Science Issues. – Vol. 9. - №3. - 2019. - P. 261-271.